# Мектеп компоненти боюнча жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы


№7 жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата базистик окуу планында 5, 8-класстарга(кыргыз класстарга) жана 10-класстарга 1 саат мектеп компоненти бөлүнгөн.

Мектеп компонентине кайсы предметти киргизүү боюнча ата-энелердин сунуштарын жана ой пикирлерин билүү максатында 2022-жылдын 23-августунда класс жетекчилердин жардамы менен 5,8,10-класстардын ата-энелеринен онлайн сурамжылоо жүргүзүлдү.

**Сурамжылоонун жыйынтыгы** 5-класстар:

Бардыгы 5-класстарда 77 ата-эне

Сурамжылоого катышты 69 ата-эне





Сурамжылоого катышкан ата-энелердин 57% математика предметин тандашты. Ата-энелер 3-класста математика предмети онлайн өтүлгөндүгүнө байланыштуу көп окуучулар темаларды өздөштүрүүдө кыйналгандыгын баса белгилеп кетишти. Ошондой эле азыркы замандын талаптарына ылайык окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүү керектиги айтылды.

**Сурамжылоонун жыйынтыгы 8-класстар (кыргыз класстар):**

Бардык ата-энелердин саны:82 ата-эне

Сурамжылоого катышты :78 ата-эне




Сурамжылоого катышкан ата-энелердин 65% математика предметин тандашты.Математика предметин тандоонун себептери

1.6-класста онлайн окууда балдарынын темаларды өздоштүрүүдө кыйналгандыгы

2.Балдарды кошумча ЖРТга даярдоо мүмкүнчүлүгү

**Сурамжылоонун жыйынтыгы  10-класстар**

Бардык ата-энелердин саны: 50 ата-эне

Сурамжылоого катышты: 43 ата-эне

Сурамжылоого катышкан ата-энелердин 100% математика предметин тандашты.Математика предметин тандоонун себептери:

1.Окуучуларжы ЖРТ га кошумча даярдоо

**Жыйынтык:** сурамжылоонун негизинде  2022-2023 –окуу жылында мектеп компонентине математика предмети киргизүү сунушталсын.

ОТИ боюнча директордун орун басары    Мураталиева Г.И.